**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ЭҢИЛЧЕК**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЭНИЛЧЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин XVIII чакырылышы
12 сессиясы

# Т О К Т О М

**2023-жылдын 24-ноябрындагы № 18** **Эңилчек айылы**

## Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу аскердик казарма, поликлиника жана ашкана муниципалдык имараттарынын бузулган бөлүктөрүнүн курулушка жараган шифер, жыгач курулуш материалдарын жана жараксыз болуп калган жыгач курулуш материалдарын бөлүштүрүү жөнүндө

Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу аскердик казарма, поликлиника жана ашкана муниципалдык имараттарынын бузулган бөлүктөрүнүң курулушка жараган шифер, жыгач курулуш материалдары жана жараксыз болуп калган жыгач курулуш материалдарын бөлүштүрүү максатында, Эңилчек айылдык кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу аскердик казарма, поликлиника жана ашкана муниципалдык имаратынын бузулган бөлүктөрүнүн курулушка жараган шифер жана жыгач курулуш материалдары Эңилчек айылынын Кыдыр-Аке көчөсүндөгү № 1 муниципалдык үйүнүн 1 батиринин жана аскердик казарманын оңдолуп жаткан бөлүгүнүн чатырларын жабууга керектелсин жана аз камсыз үй-бүлөлөрүнө үйлөрүнүң чатырларын оңдоп түзөөгө берилсин;

2. Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу аскердик казарма, поликлиника жана ашкана муниципалдык имаратынын бузулган бөлүктөрүнүн жараксыз болуп калган жыгач курулуш материалдары от тамызгыга төмөндөгүлөргө бөлүштүрүлүп берилсин: Эңилчек башталгыч мектебине, Эңилчек айылынын ФАПына жана Эңилчек айылындагы майыптардын жана аз камсыз үй-бүлөлөрүнө;

3. Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу аскердик

казарма, поликлиника жана ашкана муниципалдык имараттарынын бузулган бөлүктөрүнүн курулушка жараган шифер жана жыгач курулуш материалдарын жана жараксыз болуп калган жыгач курулуш материалдарын бөлүштүрүү жагы “Социалдык маселелерди карай турган” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн;

4. Токтомдун аткарылышы “Социалдык маселелерди карай турган” туруктуу комиссиянын төрагасы У.С. Асанбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.У. Исмаилова**